Азан жана икооматтын ортосунда айтылган дуба артка кайтарылбат

Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Азан жана икооматтын ортосунда айтылган дуба артка кайтарылбат".
[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) азан менен икооматтын ортосунда дуба кылуунун артыкчылыгын баяндаган. Бул дуба артка кайтарылбайт жана кабыл болууга жакын. Ушул убакта Аллахка дуба кылгыла.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5479